Пос-терминалды колдонуу боюнча нускама

KICB

Операциялар

Төлөө 1

Жокко чыгаруу 2

Кол менен киргизүү операциясы 3

Алдын ала авторизация операциясы 4

Каражаттарды кайтарууну тариздөө 5

Чектер бөлүмү 6

Отчеттор бөлүмү 7

Күнүмдүк текшерүү 8

KICB
KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK

Техникалык колдоо кызматы
WhatsApp
0704 62 01 01
(билдирүүлөр үчүн гана)

1 төлөө

KICB

Кадамдар:

1. Менюда **төлөө** операциясын тандаңыз.
2. Төлөө терезесинде төлөө үчүн керектүү сумманы киргизиңиз, андан кийин **УЛАНТУУ** дегенди басыңыз.
3. Эгерде сумманы киргизүүдө катага жол берсеңиз, **ЖОККО ЧЫГАРУУ** баскычын басыңыз.
4. Чипьин же магниттик тилкенин жардамында төлөөдө картанын **PIN-кодун** киргизүү талап кылынат.
5. Төлөө суммасын киргизгенден кийин картаны салыңыз жана PIN-кодду киргизиңиз.
6. Андан кийин CONFIRM баскычын басыңыз. Эгерде кардар катага жол берсе, **ЖОККО ЧЫГАРУУ** баскычын басыңыз жана PIN-кодду кайра киргизиңиз.
7. PIN-код туура киргизилгенде төлөө ийгиликтүү өтөт.
8. **ЖООП КОДУ: 000 пайда болот.** Эгерде сизге экинчи чек керек болсо, жашыл белгини; кереги жок болсо – кызыл крестти басыңыз.



Маанилүү!
PIN-коддун цифралары туш келди тартипте көрсөтүлөт. Бул кардардын купуялыгын жана маалыматтарын кошумча коргоону камсыз кылуу үчүн жасалган.

Техникалык колдоо кызматы
WhatsApp
0704 62 01 01
(билдирүүлөр үчүн гана)

2 ЖОККО ЧЫГАРУУ

KICB

Кадамдар:

1. Менюда **ЖОККО ЧЫГАРУУ** операциясын тандаңыз.

2. Төлөөнү жокко чыгаруу үчүн чектин номерин билүү керек, ал чектин жогорку бөлүгүндө көрсөтүлгөн жана **Чек №** — катары белгиленген.

3. Чектин номерин киргизиңиз жана **УЛАНТУУ** баскычын басыңыз.

4. Андан ары дисплейде төлөө суммасы, жүргүзүү убактысы жана ал боюнча операция жүргүзүлгөн картанын маалыматтары чагылдырылат.

5. Картаны жакындатыңыз же чипти салыңыз.

6. Ийгиликтүү жокко чыгарылганда **ЖООПТУН КОДУ: 400 пайда болот.** Бул операция ийгиликтүү жокко чыгарылганын билдирет.

Эскертүү!
QR-код боюнча операцияларды жокко чыгарууга болбойт.



Техникалык колдоо кызматы
WhatsApp
0704 62 01 01
(билдирүүлөр үчүн гана)

3 КОЛ МЕНЕН КИРГИЗҮҮ

KICB

Кадамдар:

1. Менюда **төлөө** операциясын тандаңыз.

2. Төлөө суммасын киргизиңиз жана УЛАНТУУ басыңыз.

3. Экранда сандар бар панель пайда болот. Киргизиңиз:
- кардардын картасынын номери,
- картанын колдонуу мөөнөтү,
- CVV-код (картанын арткы тарабындагы 3 сан).

4. УЛАНТУУ дегенди басып, операцияны тастыктаңыз.

5. Операциянын аякташын күтө туруңуз – терминал чекти басып чыгарат.

6. Бир чек кардар үчүн, экинчиси –
7. сизге арналган (эгерде экини басып чыгарса).



KICB
KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK

Техникалык колдоо кызматы
WhatsApp
0704 62 01 01
(билдирүүлөр үчүн гана)

4 АЛДЫН АЛА АВТОРИЗАЦИЯ

KICB

Кадамдар:

1. Менюда **АЛДЫН АЛА АВТОРИЗАЦИЯ** операциясын тандаңыз.
2. Депозиттин суммасын киргизиңиз жана ОК басыңыз. Кардардын картасын салыңыз, айлантыңыз же жакындатыңыз.
3. **PIN**-кодду киргизүү менен, операцияны тастыктаңыз.
4. Операциянын аякташын күтүңүз – терминал чекти басып чыгарат. Бир чекти кардарга бериңиз, экинчисин өзүңүзгө калтырыңыз.
5. Каражаттардын бир бөлүгүн эсептен алуу талап кылынганда, **ЭСЕПТЕШҮҮ** операциясын тандаңыз.
6. Операциянын **RRN ШИЛТЕМЕ** номерин киргизиңиз (алдын ала авторизация чегинде көрсөтүлгөн).
7. Эсептен алуу керек болгон сумманы киргизиңиз (бөгөттөлгөндөн көп эмес).
8. Картаны салыңыз жана **АВТОРИЗАЦИЯ КОДУНУН** номерин киргизиңиз (алдын ала авторизация чегинде көрсөтүлгөн).
9. Ушундан кийин POS-терминал көрсөтүлгөн сумманы төлөө тууралуу чекти басып чыгарат.



Техникалык
колдоо кызматы
WhatsApp
0704 62 01 01
(билдирүүлөр үчүн гана)

5 КАЙТАРУУ

Кадамдар:

1. Менюда **КАЙТАРУУ** операциясын тандаңыз.

2. Кайтаруу суммасын киргизиңиз жана ОК басыңыз.

3. Аны менен төлөнгөн картаны салыңыз, айлантыңыз же жакындатыңыз.

5. Операциянын **RRN ШИЛТЕМЕ** номерин киргизиңиз (төлөө чегинде көрсөтүлгөн).

6. Ушундан кийин POS-терминал көрсөтүлгөн сумманы кайтаруу жөнүндө чекти басып чыгарат.

Маанилүү! Кайтаруу функциясы, ЖОККО ЧЫГАРУУДАН айырмаланып, нөөмөттү жапкандан кийин дагы төлөмдү кайтарууга мүмкүнчүлүк берет.



KICB
KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK

KICB

Техникалык колдоо кызматы
WhatsApp
0704 62 01 01
(билдирүүлөр үчүн гана)

6 ЧЕКТЕР

Кадамдар:

POS-терминалдын менюсунда ЧЕКТЕР бөлүмү бар, анда негизинен эки пункт бар:

1. **Чектин КӨЧҮРМӨСҮ** — акыркы операциянын көчүрмөсүн басып чыгарат.

2. **Чектердин АРХИВИ** — учурдагы нөөмөттүн бардык чектерин сактайт.
   Операциянын убактысы, суммасы же номери боюнча чекти табууга болот.
   Нөөмөттү жапкандан кийин архивдеги бардык чектер жалпы отчетко көчүрүлөт, ал **ОТЧЁТТОР** бөлүмүндө турат.

Архивден чекти кантип басып чыгаруу керек:

1. [МЕНЮ] басыңыз.
2. ЧЕКТЕРДИ тандаңыз.
3. Чектердин АРХИВин тандаңыз.
4. Тизмеде керектүү чекти табыңыз.
5. Жашыл баскычты басыңыз терминал чектин көчүрмөсүн басып чыгарат.



KICB
KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK

KICB

Техникалык колдоо кызматы
WhatsApp
0704 62 01 01
(билдирүүлөр үчүн гана)

7 ОТЧЕТТОР

Кадамдар:

POS-терминалдын менюсунда ОТЧЁТТОР бөлүмү бар, анда негизинен үч пункт бар:

1. Орто аралык отчёт сураган учурга чейин учурдагы нөөмөттүн башталышынан тартып бардык операцияларды көрсөтөт. Нөөмөттү жаппайт, кассаны текшерүү үчүн күнүнө бир нече жолу алууга болот.

2. Салыштырып текшерүүлөр отчёту бардык операцияларды жана сумманы көрсөтөт. Нөөмөттү жабат, ушундан кийин жаңы нөөмөт башталат.

3. Салыштырып текшерүүлөр архиви бардык жабылган нөөмөттү сактайт. Каалаган өткөн нөөмөт үчүн отчётту басып чыгарууга болот (15 күнгө чейин).



Салыштырып текшерүүлөр архивин кантип көрүүгө же басып чыгарууга болот:

1. [МЕНЮ] басыңыз.
2. "ОТЧЁТТОР" тандаңыз.
3. "Салыштырып текшерүүлөр архиви" тандаңыз.
4. Керектүү нөөмөттү табыңыз жана отчётту басып чыгарыңыз.

KICB
KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK

KICB

Техникалык колдоо кызматы
WhatsApp
0704 62 01 01
(билдирүүлөр үчүн гана)

8 Күнүмдүк текшерүү

POS-терминалды күнүмдүк текшерүү:

1. **Тышкы абалын текшерүү**
   - Терминалдын корпусу бүтүн, жаракасы, ажыраган жерлери же ачуу издери жоктугун текшериңиз.
   - Карталар үчүн туташтыргычтар (чип, магниттик тилке, байланышсыз модуль) таза жана бөтөн буюмдарды камтыбайт.

2. **Коопсуздукту текшерүү**
   - Терминал кассир көргөндөй жерде турууга жана жумуш ордуна бекитилүүгө тийиш.
   - Терминалга ашыкча кабелдер же жабдуулар кошулбаганын текшериңиз.

3. **Иштөө жөндөмдүүлүгүн текшерүү**
   - Терминалды күйгүзүңүз жана ал катасыз жүктөлгөнүнө ынаныңыз.
   - Интернетке кошулганын текшериңиз (сим-карта).
   - Терминалдагы дата жана убакыт туура көрсөтүлгөнүн текшериңиз.
   - Тесттик операция жасаңыз (мисалы, орто аралык отчетту басып чыгаруу).

Көйгөйлөр аныкталганда
Дароо администраторго же банктын техколдоо кызматына билдириңиз.

KICB
KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK

KICB

Бузуктарды оңдогонго чейин терминалды колдонбоңуз!

Техникалык колдоо кызматы
WhatsApp
0704 62 01 01
(билдирүүлөр үчүн гана)